**" Кечки Бишкек "**

Сөзү: Асанбекова Лариса Шейшеналиевна

Обону: Азат Болотбек

Борборум Бишкек өнүп өскүн эркин гүл заманда,

Жарыгың жансын, бейпилчилик болуп турсун калаамда.

Кыргыздын комузу күүгө келип ойнолуп,

Күч кубатын берип турсун ар бир жаранга.

Кайрыма:

Жаштарың сүйүү издеп, көчө бойлойт, гүлдөр искеп, Кечки Бишкек

Борбордун ээси биз деп, шаңдуу ойнойт Кечки Бишкек

Жаштарың сүйүү издеп, көчө бойлойт, гүлдөр искеп, Кечки Бишкек

Борбордун ээси биз деп, шаңдуу ойнойт Кечки Бишкек

Жаштарың көчө бойлоп бакубат ойносунчу,

Сүйүү чачып эл келечегин ойлосунчу.

Атагы артылып шаарым өсүп гүлдөсүн,

Ардагымсың Бишкек, гүл бакчаң эч соолбосун.

Кайрыма:

Жаштарың сүйүү издеп, көчө бойлойт гүлдөр искеп, Кечки Бишкек

Борбордун ээси биз деп, шаңдуу ойнойт Кечки Бишкек

Жаштарың сүйүү издеп, көчө бойлойт гүлдөр искеп, Кечки Бишкек

Борбордун ээси биз деп, шаңдуу ойнойт Кечки Бишкек

Ырларымсың, сырларымсың Бишкек

Ырларымсың сырларымсың Бишкек

Жыргалда жашай берсин өсүп саны

Улуусун урматташып ачылса дейм элдин багы.

Кылымдарды карытып өтсө дагы,

Шаарым гүлдөп күндө жаңы,

Бишкегим өсө берсин дагы дагы.

.

Жаштарың сүйүү издеп, көчө бойлойт гүлдөр искеп, Кечки Бишкек

Борбордун ээси биз деп, шаңдуу ойнойт Кечки Бишкек

Жаштарың сүйүү издеп, көчө бойлойт гүлдөр искеп, Кечки Бишкек

Борбордун ээси биз деп

Кечки Бишкек